“МАКУЛДАШЫЛДЫ”
Кыргыз Республикасынын
БИМнин Кесиптик билим берүү
башкармалыгы
_______________
2020-ж. “ ” ___________

“БЕКИТЕМ”
Ысык-Көл индустриалдык-
педагогикалык колледжи
Б.А.Жумабаева
_______________
2020-ж. “08” июль

**2020–2021-окуу жылына карата Ысык-Көл индустриалдык-педагогикалык колледжинин**

# КАБЫЛ АЛУУ ЭРЕЖЕЛЕРИ

2020–2021-окуу жылына Ысык-Көл индустриалдык-педагогикалык колледжинин орто кесиптик билим берүүнүн негизги кесиптик билим берүү программаларынын (мындан ары – ОКББ НББП) кабыл алуу эрежелери негизги ченемдик документ болуп эсептелет. Аталган эрежелер төмөнкүлөрдүн негизинде иштелип чыккан:

- Кыргыз Республикасынын "Билим берүү жөнүндө" Мыйзамы;
- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2004-жылдын 3-февралындагы №53 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасынын кесиптик орто билим берүүчү уюмдары жөнүндө жобо;
- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2012-жылдын 4-июлундагы №470 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасынын орто билим берүүчү уюмуна студенттерди кабыл алуунун тартиби;
- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2018-жылдын 28-мартындагы №160 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасынын кесиптик орто билим берүү уюмдарынын ишин жөнгө салуучу актыларды бекитүү жөнүндө;
- Ысык-Көл индустриалдык-педагогикалык колледжинин Уставы.

## I. Жалпы жоболор

1.1. Ысык-Көл индустриалдык-педагогикалык колледжи төмөнкүнүн негизинде билим алуучуларды кабыл алат:

- ЫКИПКнын ОКББ НББПнын ортосундагы жеке, же болбосо юридикалык жактар менен түздөн-түз келишим боюнча орто кесиптик билим алуу үчүн даярдоо жана билим берүү адистиктерине акы төлөнүп окутуу формасы.

1.2. ЫКИПКнын ОКББ НББПсына негизги орто же жалпы орто билими бар Кыргыз Республикасынын жарандары, Кыргыз Республикасынын аймагында

туруктуу же убактылуу жашаган чет өлкөлүк жарандар, жарандыгы жок адамдар кабыл алынат.

1.3. ЫКИПКнын ОКББ НББПсына кабыл алууда колледж Кыргыз Республикасынын мыйзамдары, эл аралык келишимдери жана макулдашуулары тарабынан белгиленген жарандардын билим алуу укугун сактоону камсыздайт.

1.4. ЫКИПКнын ОКББ НББПсына кабыл алуу конкурстун негизинде ишке ашырылат. Конкурстун шарттары жарандардын билим берүү жаатындагы укуктарын сактоону гарантиялап, жөндөмдүү жана даярдыктуу адамдардын кесиптик орто билим алуусун камсыздоого тийиш.

1.5. Адистиктери боюнча келишим (акы төлоо) негизинде кабыл алуу планын ЫКИПКнын ОКББ НББПсы уюштуруу-укуктук формасына карабастан окуучулардын контингентинин чегинде аныктайт жана Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги менен макулдашылууга тийиш.

1.6. ЫКИПКнын ОКББ НББПсы Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2018-жылдын 28-мартынын №160 "Кыргыз Республикасынын кесиптик орто билим берүүсүнүн адистиктеринин тизмесин жана адистиктерге окутуунун ченемдик мөөнөтторүн бекитүү жөнүндө" токтомуна ылайык тийиштүү адистиктер боюнча кесиптик орто билим берүү программаларын ишке ашыруунун шарттары бар болсо гана жарандарды окууга кабыл алуу жөнүндө жарыялоого укуктуу.

1.7. Кыргыз Республикасынын ЫКИПКнын ОКББ НББПсы башка мамлекеттердин жарандарын окутуу Кыргыз Республикасы катышуучу болгон, белгиленген тартипте күчүнө кирген эл аралык келишимдердин негизинде, ошондой эле билим берүү уюмдары же жеке жарандар менен келишимдердин негизинде ишке ашырат.

## II. Кабыл алууну уюштуруу

2.1. Күндүзгү/сырттан окуу бөлүмүнө документтерди кабыл алуу жана каттоо маалыматтык - коммуникациялык технологиялардын жана мессенджерлердин жардамы менен интернет тармагы аркылуу аралыктан жүргүзүлөт.

Онлайн каттоо үчүн ЫКИПКнын расмий (www.ikipk.kg) сайтына же атайын түзүлгөн социалдык сервистин http://spuz.edu.gov.kg/ шилтемесине кирип көрсөтүлгөн документтерди берүү үчүн атайын электрондук форманы толтуруу зарыл. Абитуриенттер атайын электрондук формада кабыл алуу үчүн зарыл болгон документтердин сканерленген түрүн тиркейт:

- паспорт же туулгандыгы тууралуу күбөлүк;

- негизги жалпы билим берүүнү бүтүргөндүгү жөнүндө күбөлүгүнүн же жалпы орто билим берүүнү аяктаганы тууралуу аттестаттын түп нускасын же дубликатын;
- 086-У формадагы медициналык маалым кат;
- аскердик билетин же катталуу күбөлүгүн;
- 3х4 өлчөмүндөгү 6 сүрөт;
- эгерде Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген жеңилдиктерди алууга талапкер болсо, анда ЫКИПКнын ОКББ НББПнын тийиштүү адистиги боюнча окууга карата чектөөлөр бар болсо, башка документтер берилиши мүмкүн.

Берилген документтердин көчүрмөлөрүнүн аныктыгы үчүн абитуриент жоопкерчилик тартат. Жасалма документтерди көрсөткөн учурда студент окуудан чыгарылууга тийиш (Кыргыз Республикасынын Кылмыш-Жаза Кодекси, 359-берене. "Расмий документтерди жасалма жасоо").

2.2. Окутуунун ар түрдүү формаларына жана келишим (акы толоо) негизинде окууга түшкөн арыздар өз-өзүнчө бөлөк катталып, бөлөк эсепке алынат. Документтерди кабыл алуу үчүн төлөнгөн акчанын дүмүрчөгүн ЫКИПКнын ОКББ НББПсынын техникалык комиссиясына көрсөтүп жана документтерди өткөргөндон кийин, абитуриент документтеринин кабыл алынгандыгы жөнүндө тил кат алат.

2.3. ЫКИПКнын ОКББ НББПга кирүү үчүн документтерди кабыл алуу ишке ашат:

- бюджеттик күндүзгү окутуу формасында **2020-жылдын 10-июлунан баштап 22-августуна чейин**.
- контракттык (акы төлөнүүчү) күндүзгү окутуу формасына **2020-жылдын 10-июлунан баштап 22-августуна чейин**.
- контракттык (акы төлөнүүчү) сырттан окутуу формасына **2020-жылдын 15-июлунан баштап 22-августуна чейин**.

2.4. Чет өлкөлүк жарандар кабыл алуу комиссиясына Кыргыз Республикасынын жалпы орто билим тууралуу же башталгыч кесиптик билим тууралуу мамлекеттик документтерине эквиваленттүү билими тууралуу документтерин көрсөтүшү керек.

Чет өлкөлүк жарандардын документтерине экспертизаны Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги жүргүзөт. Билиминин тийиштүү деңгээли жөнүндө Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги берген маалымкаты болмоюнча чет өлкөлүк жарандар окууга кабыл алынбайт.

## III. Кирүү сыноолору (Сынактык тандоо)

3.1. Абитуриенттерди конкурстук тандоо төмөнкүдөй түрдө жүргүзүлөт: негиз катары орто билими тууралуу аттестаттын (11-класс) же негизги жалпы билими жөнүндө күбөлүктүн (9-класс) орточо баллы жана конкреттүү бир адистик үчүн эки багыттык сабактар боюнча орточо балл алынат.

Билими жөнүндө документтин орточо баллын эсептеп чыгууну жана абитуриенттердин рейтингин түзүүнү кабыл алуу комиссиясы жүзөгө ашырат. Билими жөнүндө документтин орточо баллын аныктоо тартиби:

– документте көрсөтүлгөн баа берүүлөрдүн толук тизмеси түзүлөт;
– баа коюлган сабактардын саны эсептелет;
– бардык жыйынтыктоочу баалар суммаланат;
– баалардын суммасы сабактардын санына бөлүнөт.

Профилдик сабактар боюнча орточо баа эки профилдүү предметтердин арифметикалык орточо суммасы катары сыяктуу эле чыгарылат.

Жалпы баллды чыгаруу үчүн аттестаттын орточо баллы жана профилдик сабактар боюнча орточо баасы суммаланат (1- тиркеме).

Эсептөөнүн натыйжалары ранжирленген тизмеге киргизилет, ал ЫКИПКнын сайтына жайгаштырылат. Эгерде абитуриенттин фамилиясы ушул тизмеде бар болсо, анда 5 жумуш күнүнүн ичинде өзүнүн окууга болгон каалоосун ырастоого тийиш (50% окутууга акы төлөө). Эгерде абитуриенттерди тандоо жана кабыл алуу турларын өткөрүү графигинде көрсөтүлгөн мөөнөттө кабыл алууга сунуш кылынган абитуриент жогоруда аталган документтерди жана окуу үчүн контракттын 50% акысын төлөө жөнүндө квитанцияны көрсөтпөсө, анда ал кирүү укугун жоготот. Анын орду автоматтык түрдө бош деп жарыяланат жана бул орунга кийинки турда конкурс жарыяланат.

3.2. Кирүү сынагын өткөрүү мөөнөтү:

- окутуунун күндүзгү окуу формасына – **2020-жылдын 10-июлунан баштап 22-августуна** чейин;

- сырттан окуу формасына – **2020-жылдын 15-июлунан баштап 22 - августуна** чейин.

Кабыл алуунун тартиби, ошондой эле кабыл алуу комиссияларынын арыздары, кабыл алууну уюштуруу боюнча чечимдер, кирүү сыноолорун өткөрүүнүн жүгүртмөсү жана кабыл алуунун жыйынтыктары абитуриенттерге өз учурунда билдирилиши керек.

3.3. 9-класстын базасында ЫКИПКнын ОКББ НББПга кабыл алынуучу абитуриенттер жана 11-класстагы базасындагы абитуриенттер жалпы республикалык тестирлөөнүн сертификаты жок аттестаттын орточо баллы боюнча өтүшөт.

3.4. Жалпы республикалык тестирлөөнүн сертификатын алган 11-класстын базасындагы Кыргызстандын жарандары, босоголук баллдан өткөн сертификаттын түп нускасын көрсөткөн учурда окутуунун акы төлөө формасына конкурстук тандоо болбой эле кабыл алынышы мүмкүн.
3.5. Орточо баллдын жыйынтыгы боюнча абитуриенттердин ранжирленген тизмеси илинип коюлат (3 - тиркеме).
3.6. Бюджеттик окуу формасына босого балл- 7-10 балл, контракттык окуу формасына – 6 баллдан жогору отту деп эсептелет.
Абитуриент категориялар боюнча квотанын эсебине ылайык ранжирлөө боюнча кабыл алууга сунушталат (2-тиркеме).
Рейтингдин тизмесинде бирдей баллга ээ болсо, артыкчылык профилдик сабактар боюнча эң жогорку орточо балл алган абитуриентке берилет.

Жалпы балл чыгарылгандан кийин кабыл алуу комиссиясы абитуриентке жалпы баллдын сандык натыйжасы менен сынакка катышуу үчүн кабарлама жөнөтөт.

Документтери иштелип чыккан абитуриенттердин тизмеси күн сайын жаңыртылат.

Турларга документтерди өз убагында тапшыргандан кийин, кабыл алуу комиссиясы абитуриенттин билими боюнча документтин орточо баллын жана эки профилдик сабактар боюнча орто баллды эсептеп, жалпы баллды көрсөтөт жана эң көп балл алган талапкерлердин тизмелейт.
3.6. Тизме боюнча адистиктерге, пландалган тандоону эске алуу менен кабыл алууга сунушталгандар аныкталат.
3.7. Бирдиктүү талаптардын сакталышын жана аттестаттын орточо баллын эсептөөдө талаш маселелерди чечүүгө, ЫКИПКнын ОКББ НББПсына тапшырган абитуриенттердин укуктарын коргоону камсыздоо максатында апелляциялык комиссия түзүлөт.
3.8. Бюджеттик (Контракттык) окутуу формасындагы адистиктерге конкурс болгон учурда кабыл алууга сунушталган абитуриенттер кийинки турга кабыл алуу боюнча комиссиянын кеңешмесине чейинки мөөнөт ичинде окуу акысынын жарымын төлөөгө милдеттүү. Айтылган мөөнөт ичинде төлөнбөсө, бул орундар бош деп эсептелип, кийинки турдун конкурсуна илинет.

## IV. Кабыл алуу

4.1. Кабыл алуу кирүү сыноолору бүткөндөн кийин:
- окутуунун бюджеттик күндүзгү формасына – 2020-жылдын 30-августунан кеч эмес;
- окутуунун контрактык күндүзгү формасына – 2020-жылдын 30-августунан кеч эмес;

- контрактык сырттан окуу формасына – 2020- жылдын 30-августунан кеч эмес ишке ашырылат.

Абитуриент кирүү сыноолорунан ийгиликтүү өтүп, окуу акысынын 50% дан кем эмес наркын төлөгөндөн кийин кабыл алуу комиссиясы окутуунун контракттык формасына кабыл алат. Абитуриенттерди кабыл алуу жөнүндө буйрук акы төлөөнүн жана сканерленген келишимдин, документтердин көчүрмөлөрүнүн негизинде чыгарылат.

Контракттык окутуу акысын төлөо Кыргызстандын жарандарына жана чет өлкөлүк жарандарга бекитилген прейскурантка ылайык жүргүзүлөт.

Абитуриенттерге, же алардын ата-энелерине (мыйзамдуу өкүлдөрүнө) Келишим толтуруу зарыл жана Келишимдин сканерленген түрүн же Келишимдин сүрөтүн жөнөтүү, окутуу үчүн акы төлөнгөндүгү жөнүндө квитанцияны ЫКИПКнын ОКББ НББПнын электрондук почтасына же болбосо WhatsApp тиркемеси аркылуу окуу жайдын кабыл алуу комиссиясынын көрсөтүлгөн телефон номерине жиберүү керек.

4.2. Жакшы баа алса, окутуу акысын төлөө менен келишим боюнча конкурстан сырткары кабыл алынуучулар:

- запаска бошотулган жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтү белгилеген жеңилдиктерди алууга укуктуу аскер кызматчылар;
- тоголок жетим жана ата-энесинин камкордугусуз калган балдар (ошол жылдын 1-октябрына карата 18 жашка чыга электер);
- ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген, медициналык-социалдык экспертизанын корутундусу боюнча даярдыктын жана адистиктин тандаган багыты боюнча ЫКИПКнын ОКББ НББПда окуса болуучу адамдар;
- эгерде олимпиадалык сабак профилдик болсо, тандаган ЫКИПКнын ОКББ НББПда багыттар жана адистиктер боюнча эл аралык жана республикалык олимпиадалардын жеңүүчүлөрү (ошол жылы 1-3-орундарды алгандар).
- "Спорттун чеберлигине талапкер", "Кыргыз Республикасынын спортунун чебери", "Кыргыз Республикасынын эл аралык класстагы спортунун чебери" спорттук наамдары бар спортсмендер ЫКИПКнын ОКББ НББПсына тапшырууда окутуу акысын төлөө менен келишим боюнча орундарга артыкчылыктуу укукка ээ болушат.

4.3. ЫКИПКнын ОКББ НББПсы кошумча жеңилдиктерди берүүгө жана олимпиадалардын тиешелүү профилиндеги адистиктер боюнча окутуу үчүн эл аралык, республикалык, облустук олимпиадаларда жана мелдештерде байгелүү орундарды ээлеген абитуриенттерди конкурстан сырткары кабыл алууга укуктуу.

4.4. Билими жөнүндө мамлекеттик үлгүдөгү документтин түп нускасы боюнча ЫКИПКнын ОКББ НББПга кабыл алынат.

4.5. ЫКИПКнын ОКББ НББПсы 2020-жылдын 15-сентябрына чейин Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигине кабыл алуу жөнүндө жыйынтык маалыматтарды көрсөтөт.

4.6. ЫКИПКнын ОКББ НББПсы 2020-жылдын 1-октябрынан кечиктирбестен Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигине статистикалык отчёт берүүгө, ал эми кабыл алуу бүткөндөн кийин – студенттерди кабыл алууну уюштуруу жана өткөрүү жөнүндө отчётту берүүгө милдеттүү.

ЫКИПК нын кабыл алуу
комиссиясынын жооптуу катчысы А.К.Курманбекова

**1- тиркеме**

## Ранжирдеги тизме үчүн жалпы баллды эсептөө формуласы

Жалпы баллды эсептөө үчүн: **N=M+K**,

мында **N** - жалпы балл **M** - орто билими тууралуу аттестаттын орточо баллы (11-кл.) же негизги жалпы билими жөнүндө күбөлүктүн (9 - кл.) (мындан ары, аталуучу документ), **К** - конкреттүү адистик үчүн 2 профилдик сабактардын орточо баллы.

**М** ди эсептөө үчүн:

1) документте көрсөтүлгөн баалардын толук тизмеси түзүлөт;

2) баалар коюлган сабактардын саны эсептелинет;

3) бардык жыйынтыктоочу баалар суммаланат;

4) баа суммасы сабактардын (предметтердин) санына бөлүнөт.

**К** ны эсептөө үчүн:

1) профилдик 2 предметтерден тизме түзүлөт.;

2) 2 профилдик предметтердин жыйынтык баалары суммаланат.;

3) баа суммасы 2ге бөлүнот.

*Мисал:*

*Негизги жалпы билими жөнүндө күбөлүк (9-кл.):*

| *№* | *Предметтердин аталышы* | *Жыйынтык белгилер* |
|---|---|---|
| *1.* | *Кыргыз тили* | *3* |
| *2.* | *Кыргыз адабияты* | *4* |
| *3.* | *Орус тили* | *4* |
| *4.* | *Орус адабияты* | *4* |
| *5.* | *Математика* | *5* |
| *6.* | *Информатика* | *4* |
| *7.* | *Кыргызстан тарыхы жана дүйнөлүк тарых* | *4* |
| *8.* | *Адам жана коом* | *4* |
| *9.* | *География* | *4* |

| | | |
|---|---|---|
| *10.* | *Физика* | *4* |
| *11.* | *Химия* | *4* |
| *12.* | *Биология* | *4* |
| *13.* | *Чет тил* | *4* |
| *14.* | *Технология (кол эмгек, черчение жана дизайн)* | *4* |
| *15.* | *Сүрөт-көркөм чыгармачылык* | *4* |
| *16.* | *Музыка* | *5* |
| *17.* | *Дене тарбия* | *5* |

*Баалардын суммасы (белгилер) =3+4+4+4+5+4+4+4+4+4+4+4+4+4+4+5+5=70*

*Предметтердин саны = 17*

$$\text{М} = \frac{\text{Баалардын суммасы}}{\text{Предметтердин саны}} = \frac{70}{17} = 4{,}11$$

**190701** “Автоунааларда жүк ташууну уюштуруу жана башкаруу” адистиги тандалды. Профилдик предметтер: Математика жана физика

| № | **Предметтин аталышы** | **Жыйынтык белгилер** |
|---|---|---|
| *5.* | *Математика* | *5* |
| *10.* | *Физика* | *4* |

*Баалардын(белгилердин) суммасы =5+4=9*

*Предметтердин саны = 2*

$$\text{К} = \frac{\text{Баалардын суммасы}}{\text{Предметтердин саны}} = \frac{9}{2} = 4{,}5$$

*Жалпы баллды эсептөө үчүн:* **N=M+K**= 4,11+ 4,5= **8,61**

*Демек, ранжирдик тизме үчүн жалпы балл* ***8,61***

*Негизги жалпыорто билими жөнүндө аттестат (11-кл.):*

| № | Предметтердин аталышы | Жыйынтык белгилер |
|---|---|---|
| 1. | Кыргыз тили | 4 |
| 2. | Кыргыз адабияты | 5 |
| 3. | Орус тили | 3 |
| 4. | Орус адабияты | 3 |
| 5. | Алгебра | 3 |
| 6 | Геометрия | 4 |
| 7 | Информатика | 4 |
| 8 | Кыргызстан тарыхы | 4 |
| 9 | Дуйно тарыхы | 4 |
| 10 | Адам жана коом | 5 |
| 11 | Экономикага киришуу | 4 |
| 12 | География | 4 |
| 13. | Физика | 3 |
| 14. | Химия | 4 |
| 15. | Биология | 5 |
| 16. | Чет тил | 4 |
| 17. | Дене тарбия | 4 |
| 18. | Астрономия | 4 |
| 19. | Аскерге чейинки даярдоо | 5 |

*Баалардын суммасы (белгилер) =4+5+3+3+3+4+4+4+4+5+4+4+3+4+5+4+4+4+5=76*

*Предметтердин саны = 19*

$$\text{M} = \frac{\text{Баалардын суммасы}}{\text{Предметтердин саны}} = \frac{76}{19} = 4$$

**100105** “Мейманканаларда жана туристтик комплекстерде тейлоону уюштуруу” адистиги тандалды. Профилдик предметтер: Чет тили жана география

| № | **Предметтин аталышы** | **Жыйынтык белгилер** |
|---|---|---|
| 13. | Чет тил | 4 |
| 12. | География | 4 |

*Баалардын(белгилердин) суммасы =4+4=8*

*Предметтердин саны = 2*

$$К = \frac{\text{Баалардын суммасы}}{\text{Предметтердин саны}} = \frac{8}{2} = 4$$

*Жалпы баллды эсептөө үчүн:* **N=M+K**= 4+ 4= **8**

*Демек, ранжирдик тизме үчүн жалпы балл* ***8***

**2 – тиркеме**

**Квоталардын категориясын эсептөөнүн**

# НУСКАМАСЫ

1. Абитуриенттер (конкурстан тышкары кабыл алынууга укугу бар абитуриенттерден башкасы) төмөнкү категорияларга бөлүнөт:

Абитуриенттердин I - категориясы - Бишкек, Ош, Жалал-Абад, Нарын, Баткен, Каракол, Балыкчы, Чолпон-Ата, Кара-Балта, Чүй-Токмок, Кант, Кара-Көл, Кара-Суу, Кызыл-Кыя, Майлуу-Суу, Сүлүктү, Өзгөн, Көк-Жаңгак, Таш-Көмүр, Шопоков, Токтогул шаарларынын жана Миң-Куш шаарчасынын орто жана кесиптик орто окуу жайларынын бүтүрүүчүлөрү.

Абитуриенттердин II – категориясы - Кыргыз Республикасынын бийик тоолуу зоналарында жайгашкан айылдык мектептердин жана орто окуу жайлардын бүтүрүүчүлөрү.

2. Абитуриенттердин категорияларынын пайыздык катышы ЖОЖдун комиссиясы тарабынан "**N**" жалпы баллын чыгаргандан кийин ар бир адистик үчүн төмөнкү формула боюнча эсептелет:

$$\text{Категория боюнча квота} = \frac{Nk}{N\text{жалпы}} \times \text{кабыл алуу планы}$$

мында, ***Nk*** - тиешелүү категориядагы абитуриенттердин саны;

***Nжалпы*** - конкурска катышкан абитуриенттердин жалпы саны.

**3 – тиркеме**

**Конкурска катышкан абитуриенттердин ранжирдик тизмеси**
**“Автоунааларда жүк ташууну уюштуруу жана башкаруу”**
Адистик боюнча кабыл алуу планы: 5. Бардык катталгандар: 10.
Сунушталган: __ Тастыкталган: ___
1-тур. Жалпы бош орундар: 5. Катталгандар: 10

| I - категория: 2 | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| **№** | **ФАА** | **категория** | **M** | **K** | **N** |
| *1* | *№8 - Абитуриент* | *I* | *5* | *5* | *10* |
| *2* | *№7 - Абитуриент* | *I* | *3,9* | *5* | *8,9* |
| *3* | *№6 - Абитуриент* | *I* | *4,6* | *4* | *8,6* |
| *4* | *№5 - Абитуриент* | *I* | *4,5* | *3* | *7,5* |
| II - категория: 3 | | | | | |
| **№** | **ФАА** | **категория** | **M** | **K** | **N** |
| *1* | *№2 - Абитуриент* | *II* | *4,2* | *5* | *9,2* |
| *2* | *№1 - Абитуриент* | *II* | *4,11* | *4,5* | *8,61* |
| *3* | *№9 - Абитуриент* | *II* | *3,5* | *4,5* | *8* |
| *4* | *№3 - Абитуриент* | *II* | *3,8* | *4* | *7,8* |
| *5* | *№4 - Абитуриент* | *II* | *4,3* | *3,5* | *7,8* |
| *6* | *№10 - Абитуриент* | *II* | *3* | *3* | *6* |